**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН ЭШИГИН АЧ!**

Ош мамлекеттик университетинин
бириккен профсоюз комитетинин төрагасы, б.и.к., доцент
Саттаров Абсамат Эрмаматовичтин 5 жылдык

# ОТЧЕТУ





**2020-2025**

# ОшМУнун бириккен профсоюз комитетинин төрагасы, б.и.к., доцент Саттаров А.Э.



Эгемендүү Кыргыз мамлекетинин бүгүнкү күндөгүдөй саясий түзүлүшүндөгү, бийликтин башкаруу формасындагы жана структурасындагы өзгөргөн шарттарга байланыштуу мыйзамдык жактан өз ишмердигин алып барып жаткан көптөгөн коомдук уюмдар пайда болду. Аларды биздин коомдук жашообуздун ар түрдүү тармактарында кездештирүүгө болот: медицина, билим берүү, экология, укук коргоо, кайрымдуулук иштеринде ж.б. Азыркы учурда мына ушундай жагдайга карабастан, Кыргызстанда профсоюздар өз ишмердигин башкы мыйзамыбыз Конституцияда көрсөтүлгөн нормаларга, "Коомдук бирикмелер жөнүндөгү", "Профсоюздар жөнүндөгү", "Социалдык өнөктөштүк жөнүндөгү", "Жамааттык келишимдер жөнүндөгү", Эмгек Кодексине ж.б. мыйзамдарга, Өкмөттүк укуктук-нормативдик бир катар документтерге ылайык жүргүзүп, мыйзамдарына ылайык профсоюз ишмердигинин да максаты, милдеттери жана принциптери даана белгиленген.

Мамлекеттик мекемелерде профсоюз ишмердиги үчүн шарттар бир топ ыңгайлуу экендигин баса белгилөөгө болот. Мисалы, мында жамаат мүчөлөрүнүн саны, туруктуу жумуш жана эмгек акы, мыйзамдар тарабынан каралган социалдык кепилдиктер, иштеги оперативдүүлүк, оңой башкаруучулук, маалыматты жайылтуу мүмкүндүгүнүн кенендиги, жумуш берүүчү менен профсоюз өкүлчүлүгүнүн ортосунда кабыл алынган эки тараптуу келишимдерибиз бар. Мунун баары жумуш берүүчү менен профсоюздардын ортосундагы жалпы ишти жөнгө салат жана эффективдүүлүгүн жогорулатууга толук мүмкүндүк берет. Профсоюз комитети КРнын "Профсоюздар жөнүндө", "Жамааттык келишимдер жөнүндө" мыйзамдарынын, Эмгек кодексинин талаптарына ылайык жана Ош мамлекеттик университетинин профкому менен ректоратынын ортосунда кабыл алынган Жамааттык келишимде көрсөтүлгөндөй, эмгек жамаатын укуктук жана социалдык жактан коргоо, эмгекти жана саламаттыкты коргоо, кызматкерлер менен студенттердин эс алуусун уюштуруу, спортту колдоо ж.б. иш-чараларын иштеп чыгып, сунуштайт жана алардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

Бүгүнкү күндө кесиптик билим берүү жана илимий изилдөө ишмердигиндеги өзүнүн 85 жылдан ашык тарыхы бар Ош мамлекеттик университетинин бириккен профсоюз комитети – административдик башкаруу жана профессордук-окутуучулар курамынын кызматкерлери, окуу-көмөкчү персоналы, ошондой эле аспиранттар, изденүүчүлөр, магистранттар жана студенттер мүчөсү болушкан республикабыздагы эң ири коомдук уюмдардын бири.

Өзүнүн уставдык милдеттерине ылайык ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан баштапкы профуюмдардын лидерлери үчүн окуу семинарлары, ошондой эле өз ишмердигин жакшыртуу боюнча иш-чаралар регулярдуу өткөрүлөт. Профсоюз комитети жамаат мүчөлөрүнүн социалдык-укуктук кызыкчылыктарын, эмгекти коргоо, жумуш шарттарын жакшыртуу, илимий-педагогикалык чыгармачылыкты колдоо жана кызматкерлерди сыйлоо, эмгек акыны жогорулатуу жана эмгекти материалдык жактан стимулдаштыруу боюнча сунуштарды берет. Профсоюздун муктаж мүчөлөрүнө дайыма материалдык жардамдар көрсөтүлөт, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралар өткөрүлөт, майрамдык жана белгилүү даталар салтанаттуу белгиленет.

Жалпыбызга белгилүү болгондой, ОшМУнун профсоюз комитетинин 2020-жылдын 20-февралында болуп өткөн XXXIV отчеттук-шайлоо конференциясында кийинки беш жылдыкка карата профсоюз комитетинин жаңыдан түзүлгөн курамынын алдына иш-пландары жана милдеттерди койгон токтом кабыл алганбыз. Анда негизинен профсоюз комитети менен ректорат ортосунда өнөктөштүк иштердин деңгээлин жана кызматкерлердин эмгек акысын жогорулатуу, эмгек стажы, зыяндуу жумуш орундар үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө, профсоюзга студенттерди мотивациялоону күчөтүү, жаш кызматкерлерди, жалпы эле турак-жайга муктаждар үчүн ипотекалык кредиттерди алууга көмөктөшүү, спортту колдоону, күчөтүү, жамаат ичинде ынтымакты, биримдикти бекемдөө, жакшы иштерди кенен жайылтуу, ардагерлерге урмат-сый көрсөтүү, жаштарга маданияттуулукту үйрөтүү жана таалим-тарбия берүү, айлана-чөйрөнүн жана жан дүйнөнүн тазалыгын сактоо, аларга ар тараптуу моралдык жана материалдык жардам көрсөтүү боюнча иш-чараларды аткаруу, кызматкерлер менен студенттердин социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоо жаатында өз ара милдеттердин кабыл алынышында, университеттеги башкаруу иштерин оптималдаштырууга жана демократиялаштырууга жигердүү катышуу үчүн профбюролордун төрага-төрайымдарын жана жаш профсоюз лидерлерин окуу-семинарлардан өтүүсүнө жетишүү, эмгекти коргоо боюнча мыйзамталаптарынын аткарылышы, жумуш орундарында коопсуздуктун камсыз кылынышы, эмгектик мертинүүлөргө жол бербөө, алардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу иш-чараларын белгилөө, профсоюздардын коомдогу ордун аныктоо, маанисин арттыруу, ролун күчөтүү, мыйзамдарын жана уставдык максаттары менен программаларын өнүктүрүү боюнча жамаат ичинде талкууларды уюштуруу сыяктуу багыттар белгиленген. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюздарынын Борбордук Комитетинин сьездинин жана Ош областтык комитетинин конференциясынын, ошондой эле Пленумдарынын чечимдерине ылайык өз ишмердигибиздин учурдун талабына ылайык жаңы багыттарын аныктап келүүдөбүз. Албетте, профсоюздар өз ишмердигинде эмгектенген кызматкерлердин жана билим алып жаткан студент жаштардын социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоону дайыма башкы приоритет катары эсептеп келебиз. Башка коомдук уюмдардан айырмаланып, бизге Кыргыз Республикасынын баш мыйзамы болгон Конституциябыз, "Профсоюздар жөнүндөгү", Эмгек Кодекси, "Билим берүү", "Социалдык өнөктөштүк", "Жамааттык Келишимдер жөнүндөгү" ж.б. мыйзамдар, мындан сырткары, бир катар мамлекеттик жана өкмөттүк нормативдик-укуктук документтерди жетекчиликке алып, Ош мамлекеттик университетинин ректораты менен профсоюз комитетинин ортосунда түзүлүп кабыл алынган Жамааттык Келишимдин талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө вазыйпасы жүктөлгөн.

Өткөн 2020-2024-ж.ж. аралыгындагы отчеттук мезгил ичинде жогоруда белгиленген милдеттерди аткаруу жана максаттарга жетүү боюнча профсоюз комитети өз позициясында бекем туруу менен профсоюздун мүчөлөрү болушкан эмгек жамаатынын жана студенттердин социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоодо, бул боюнча кабыл алынган иш-пландарынын жана чечимдердин негизинде түрдүү багыттагы бир катар жакшы жетишкендиктерди жарата алдык деп айта алабыз.




# КҮЧТҮҮ ПРОФСОЮЗДАР – СОЦИАЛДЫК УКУКТАРДЫН КЕПИЛИ!

Дүйнөнүн ар кайсыл булуң-бурчтарында алдыңкы профсоюздар жумуш шарттарын жакшыртуу, эмгек акыны жогорулатуу, өлкөдөгү социалдык жана саясый абалдын шарттарында кызматкерлердин социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоо боюнча социалдык кепилдиктерди талап кылып чыгып жаткандыгы боюнча маалыматтарды азыркы кезде күн сайын көрүүгө болот. Кыргыз Республикасында да профсоюздар жөнүндөгү мыйзамдар алардын эркин, көз карандысыз ишмердикти жүргүзүүсүн тааныйт. Демек, биздеги профсоюздарга болгон элдин ишенимин арттыруу үчүн мыйзамдык укуктарды туура жана сабаттуу пайдаланууга үйрөнүшүбүз зарыл болууда. Эптеп-септеп профсоюздарды сактап калалы деген гана түшүнүктөрдү артка таштай турган мезгил эбак келген. Анткени күчтүү профсоюздар өз өнөктөшү болгон жумуш берүүчүлөрдүн да колдоосуна ээ болуу үчүн конструктивдүү диалогдорду жүргүзгөнгө даяр жана компетенттүү болушу керек. Баштапкы уюмдардын жетекчилери – бараанду күч болууга тийиш экендигин мезгил талап кылууда. Биздин Ош мамлекеттик университетибиздин бирикен профсоюз комитетинин ар бир структураныи профбюро төрага-төрайымдары, мыкты иштеп жатышкандыгын белгилеп кетсем болот.







# МАДАНИЙ МАССАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАР, ЭМГЕКТИ КОРГОО, СОЦИАЛДЫК КОЛДООЛОР ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК ЖАРДАМДАР. САЛАМАТТЫКТЫ ЧЫҢДОО ЖАНА ЭС АЛУУНУ УЮШТУРУУ.

**Албетте, профсоюздун негизги иш багыттарынын бири болгон маданий-массалык иш-чаралар көңүл көтөрөт, жамааттык жашообузду кубанычка бөлөйт. Белгилүү даталарда жана майрамдык күндөрдө профсоюз комитети ректорат менен биргеликте «Жаңы жыл», «23-февраль», «8-март», «Нооруз», «Май майрамдары», «Мугалимдер күнү», «Карылар күнү» сыяктуу маданий-массалык, ошондой эле спорттук иш-чараларды өткөрүп келүүдө. Бул иш-чараларды дайыма жогорку деңгээлде өткөрүү Ош мамлекеттик университетинде салтка айланып калган десек болот.**



23-февраль Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата «Бильярд» боюнча биринчилиги 2020-2021-2022-2023-2024-жылдары Ош шаарындагы "Классик" бильярд клубунда жыл сайын уюштурулуп, Ош мамлекеттик университетинин окутуучу, кызматкер агайларынын ортосунда салтка айланган бильярд боюнча мелдеш уюштурулду. Мелдешти университеттин ректору К. Кожобеков жетектеген мырзалар жамааты катышып, мисалга алганда 2020-жылы мелдешке жалпысынан 24 оюнчу катышышты. Мелдештин жыйынтыгында 1-орунду ОшМУнун магистратура департаментинин башчысы, профессор И.Кенжаев ээлеп, 2-орунду Медицина факультетинен А.Боркулов, 3-орунду Педагогика, психология жана дене тарбия факультетинен Ы. Райымбердиев жана медицина факультетинен Д. Дуйшеевдер ээлешип профсоюз уюму тарабынан акчалай сыйлык, диплом, кубоктор менен сыйланышты.

## 2021-ЖЫЛДЫН МЕЛДЕШТИН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШТАН ЖОГОРКУ ОКУТУУЧУЛАР АРАСЫНДА:

**1** Алмаз Боркулов - Медицина факультетинин окутуучусу

**2** Мурзахмат Юлдашев – Административдик чарба иштери боюнча департаменттин кызматкери

**3** Абдылдаев Жоомарт – Эл аралык байланыштар факультетинин доценти

**3** Кубаныч Жапаров — Медициналык колледждин окутуучусу

## 45 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ ОКУТУУЧУЛАР ОРТОСУНДА:

1. Кубанычбек уулу Нурсултан – Кара-Суу гимназиясынын директору
2. Байышбек уулу Тынчтык – Медицинина факультетинин окутуучусу
3. Раимбердиев Тынар – Эл аралык медицина факультетинин окутуучусу
3. Абдираимов Равшанбек – Педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин окутуучусу

## 2022-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ АГАЙЛАР АРАСЫНДА

1. Бекболот Аринбаев - медицина факультетинин улук окутуучусу
2. Кубанычбек уулу Нурсултан - чыгыш таануу жана тарых факультетинин окутуучусу
3. Нурбек Шамшиев - Кыргыз-кытай факультетинин окутуучусу

## 2022-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШТАН ЖОГОРКУ АГАЙЛАР АРАСЫНДА

1. Шермамат Оморов - математика жана информациялык технологиялар факультетинин доценти
2. Кубаныч Джапаров - медициналык колледждин окутуучусу
3. Алмаз Боркулов - медицина факультетинин окутуучусу

## 2023-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШТАН ЖОГОРКУ ОКУТУУЧУЛАР АРАСЫНДА

1. Алмаз Боркулов - Медицина факультетинин окутуучусу
2. Кенжаев Идирисбек - PhD докторантура жана магистратура бөлүмүнүн башчысы
3. Тимурлан Даминов - Дене тарбия факультетинин улук окутуучусу
4. Санжарбек Абдыкадыров - Бизнес жана менеджмент факультетинин доценти

## 2023-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ АГАЙЛАР АРАСЫНДА

1. Кубанычбек уулу Нурсултан – Тарых факультетинин окутуучусу
2. Адилбек Эргешов – Юридика факультетинин окутуучусу
3. Кубаныч Орозбаев - Искусство факультетинин окутуучусу
4. Мухаммед-Юсуп Айдар уулу - Өзгөн медициналык колледжинин окутуучусу



## 2024-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШТАН ЖОГОРКУ ОКУТУУЧУЛАР АРАСЫНДА

1 — Кубаныч Джапаров- медициналык колледждин окутуучусу

2 — Таалай Асылбеков - математика жана информациялык технологиялар факультетинин доценти

3 — Санжарбек Абдыкадыров - Бизнес жана менеджмент факультетинин доценти

3 — Т.Даминов - дене тарбия факультетинин улук окутуучусу

## 2024-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА 45 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ АГАЙЛАР АРАСЫНДА

1 — Б.Боронбаев - №46 жатаканасынын коменданты

2 — К.Орузбаев - искусство факультетинин окутуучусу

3 — Э.Алмазбек уулу - математика жана информациялык технологиялар факультетинин окутуучусу

3 — Б.Колдошев - дене тарбия факультетинин окутуучусу

Жеңүүчүлөр жана мыкты оюнчулар ОшМУнун кесиптик бирлиги тарабынан баалуу белектер, диплом, кубоктор менен сыйланды. Бильярд боюнча биринчилик жамаат ичинде ынтымакты чыңдоо, окутуучулардын көңүлдүү эс алуусун уюштуруу, спортту сүйүүгө үндөө, майрамдык маанай тартуулоо.




# ЖАЛПЫ БАЙГЕ ФОНДУ

| 2020-жыл | 2021-жыл | 2022-жыл |
| --- | --- | --- |
| 45800 сом | 65440 сом | 97420 сом |

| 2023-жыл | 2024-жыл |
| --- | --- |
| 104 650 сом | 143 900 сом |

ОшМУнун агайларынан айымдарга ыр десте 2021-жылы 2-мартта Ош мамлекеттик университетинин мырзалар жамааты окуу жайда эмгектенген айымдарга «ОшМУнун агайларынан айымдарга ыр десте» аттуу майрамдык кече тартуулады. ОшМУнун факультет, колледждеринде эмгектенген таланттуу агайлар ыр ырдап, айымдарга арналган тамашалуу ырлардан көркөм окуп, эжекелердин майрамдык маанайын көтөрдү.



2022-жылдын 4-мартта ОшМУнун кесиптик биримдик тарабынан 8-март - Аялдардын эл аралык майрамына карата салтка айланган волейбол мелдешин өткөрүп, майрамдык мелдешке факультеттерден 12 команда, колледждерден беш команда катышты. Жыйынтыгында 1-орунду педагогика, психология жана дене тарбия факультети, 2-орунду окуу жайдын администрациясы, 3-орунду табият таануу, туризм жана агрардык технология факультети ээледи. Ал эми колледждер арасында 1-орунду индустриалдык–педагогикалык колледжи, 2-орунду финансы – юридикалык колледжи, 3-орунду медициналык колледжи жеңип алышты. Жеңүүчүлөргө уюштуруучулар тарабынан диплом, кубок, акчалай сыйлыктар берилди. Мелдеш профессордук-окутуучулук курамдын ортосундагы достук мамилени чыңдоо, ынтымакты бекемдөө максатында уюштурулду.







2023-жылдын 6-мартында ОшМУнун кесиптик бирлиги 8-март - Аялдардын эл аралык майрамына жана окуу жайда жарыяланган "Сергек жашоо жана ден соолук" жылына карата салтка айланган волейбол мелдешин өткөрдү. Майрамдык мелдешке 40 жашка чейинки эжекелерден 15 команда, 40 жаштан жогорку эжекелерден түзүлгөн 11 команда катышты. Жыйынтыгында 40 жаштан жогорку командалар арасында 1-орунду Индустриалдык-педагогикалык колледжи, 2-орунду Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети, 3-орунду Математика жана информациялык технологиялар факультети ээледи. 40 жашка чейинки командалар арасында 1-орунду Дене тарбия факультети, 2-орунду Кыргыз-Кытай факультети, 3-орунду Индустриалдык-педагогикалык колледжи жеңип алышты. Жеңүүчү командаларга жана мыкты оюнчуларга профсоюз комитети тарабынан диплом, кубок, акчалай сыйлыктар берилди.



ОшМУда Нооруз майрамы 2021- жылдын 20-март күнү Ош шаарындагы "Мээрим" эс алуу багында Нооруз майрамы белгиленди. Майрамдык салтанатка Ош шаарынын мэри Таалайбек Сарыбашев баш болгон мэриянын өкүлдөрү, Ош мамлекеттик университетинин ректору Кудайберди Кожобеков, ректораттын өкүлдөрү, ошондой эле Ош шаарынын тургундары, коноктору, профессордук-окутуучулук курам, студенттер катышты. Нооруз майрамына карата ОшМУнун таланттары тарабынан майрамдык концерттик программа тартууланып, сүмөлөк кайнатылып, окуу жайдын факультеттер, колледждери арасында улуттук спорт оюндары боюнча мелдештер өттү. Нооруз майрамына карата кечелер ОшМУнун бардык факультеттеринде, коллеждеринде, лицейлеринде, жатаканаларында уюштурулуп, концерттик программалар, улуттук оюндар менен коштолду.

2022-жылдын 20-мартта Медицина факультетиндеги Нооруз майрамына карата уюштурулган майрамдык салтанатка ректор Кудайберди Кожобеков баштаган жамаат, факультеттин окутуучулук-профессордук курамы жана студенттер катышты.

Майрамдык салтанатта улуттук досторкон даярдалып, элдик ырлар бийлер, каада салттар орун алды. Ошондой эле улуттук оюндар ойнотулуп, сүмөлөк кайнатылды.

2023-жылдын 21-март күнү Ош шаарынын борбордук аянтында улуттук майрам – Ноорузга карата майрамдык иш-чаралар өткөрүлдү. Майрамга келгендерди КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Торобаев, Ош шаарынын мэри Бакытбек Жетигенов куттуктады. Майрамдык салтанатка калаа тургундары жана коноктору, аксакалдар, жаштар катышты. Иш-чаралар борбордук аянтта башталды. Андан соң көргөзмө-жарманке ачылып, анда улуттук тамак-аштын түрлөрү коюлуп, ишкерлер, сүрөтчүлөр жана кол өнөрчүлөр өз буюмдарын тартуулашты.







Балаты майрамы жыл сайын Ош мамлекеттик университетинин кесиптик бирлиги бөбөктөргө жаңы жылдык балаты майрамын өткөрдү. Жаңы жылдык балатыга университетте эмгектенген окутуучулардын, кызматкерлердин 12 жашка чейинки 500гө жакын балдары келди. Майрамдык кечени ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков, окуу жайдын кесиптик бирлигинин төрагасы Абсамат Саттаров бөбөктөрдү жетелеп, келип, ыр бийлер менен ачып беришти., балдарга арналган жаңы жылдык куттуктоо сөзүн жолдоду, балдарга чын ден соолук, жаркын келечек каалады. Кечени жомок каармандары, окуу жайдын "Зирек" башталгыч билим берүү борборунун таланттуу окуучуларынын ыр-бийлери шаңга бөлөдү. Бөбөктөрдү кубандырган кечени негизги карманы болгон аязата, аяз кыз келип, балдардын майрамдык ыр-бийлерине күбө болуп, ар бир балага арналган шириндиктерди, өзгөчө белектерди тапшырды.

2024-жылдын 26-декабрында Ош улуттук драм театрында ОшМУнун ректораты, кесиптик бирлиги менен биргеликте бөбөктөргө арналган жаңы жылдык балаты майрамын өткөрдү. Жаңы жылдык балатыга университетте эмгектенген окутуучулардын, кызматкерлердин 10 жашка чейинки 600гө жакын балдары катышты. Проректор Н.Мапаева менен биргеликте балдарга арналган жаңы жылдык куттуктоо сөзүн жолдоп, балдарга арналган белектерди тапшырды.










ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан жыл сайын шаарыбыздын чоң ресторандарында Жаңы жылдык кечелер өткөрүлүп келди.









Профсоюз комитети окуу жайыбызда эмгекти коргоо, жумуш шарттарын жакшыртуу боюнча мыйзамдардын аткарылышы жөнүндө кандай гана сунуштарды бербейли, талаптарды койбойлу, социалдык өнөктөш катары ректорат тарабынан алар туура кабыл алынып келүүдө деп айтсак болот.

Ак-Буура дарыясы аркылуу медициналык факультеттерге жана клиникага жөө адамдар өткөн көпүрөнү кайра куруу боюнча туурасында кызматкерлерибиз менен студенттерибиздин көптөгөн кайрылуулары бар. Андыктан ушул көпүрө кайра куруу иштери жакында болот.

Окуу жайыбыздын көптөгөн имараттарынын айланасын жашылдандыруу, экологияны жакшыртуу, тазалыкты сактоо ишембиликтерин өткөрүү иштеринде профком көп демилгелерди ишке ашырдык. Көптөгөн карагай, кайың, арча дарактарын отургуздук.

Профсоюз комитетине эмгектик талаш-тартыштар, эмгек акы, кошумча төлөмдөр, социалдык абал, турак-жай, укуктук маселелер боюнча арыздар менен кайрылуулардын ж.б. ар кандай суроолор менен кайрылгандардын саны арбын болууда. Бул багыттарда профкомдун алдындагы туруктуу комиссиялар өз иштерин талапка ылайык жүргүзүп келишти. Профсоюз комитети тарабынан жамаат мүчөлөрүнүн арасындагы майыптарга, жетим-жесирлерге ж.б. муктаждарга ректоратка өтүнүч келтирилип, ири суммадагы акчалай жардам көрсөтүүлөрдүн көлөмү жыл сайын өсүүдө. Жамааттык келишимдин 3.15-п. талаптарына ылайык материалдык жардамдарды көрсөтүү боюнча профсоюз комитети тарабынан тийиштүү өтүнүчтөр Окумуштуулар Кеңешинде каралып, анын чечимдери боюнча ректордун буйруктары кабыл алынып келүүдө. Ага ылайык университетте иштеп жаткан кызматкерлердин ичинен бир нечесине, тактап айтканда, жакындары кайтыш болгондорго, кызматкерлерибиз кайтыш болгондо, табийгый кырсыктар сыяктуу себептерден жабыркагандарга, оор илдеттер менен узак мөөнөткө ооругандарга, операция болгондорго, кызматкерлерибиздин үй-бүлөлөрүнө (2-6 миң, 4-12000 сомдон 30000 сомго чейинки) материалдык жардамдар көрсөтүлдү.



2020-жылы каза болгондордун саны 19 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны 40 кызматкер. 2021-жылы каза болгондордун 12 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны 22 кызматкер. 2022-жылы каза болгондордун 4 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны 31 кызматкер. 2023-жылы каза болгондордун 8 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны 15 кызматкер. 2024-жылы каза болгондордун 8 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны 30 кызматкер. Жалпы беш жыл аралыгында 51 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны **138 кызматкерге** материалдык жардам берилди.



ОшМУда Пандемия мезгилинде өзгөчө кырдаал башталган алгачкы күндөн тартып атайын штаб түзүлүп иш алып барылды. 2020-жылы 27-апрелинде Ош мамлекеттик университетинин ректору К.Г. Кожобековдун демилгеси менен бириккен профсоюз комитети тарабынан окуу жайда эмгектенген жардамга муктаж 130 кызматкерге учурдагы кырдаалды эске алуу менен гуманитардык жардам көрсөтүлүп, ар бир кызматкерлердин үй-даректерине күнүмдүк керектелүүчү тамак-аш азыктары жана 60 кызматкерге өздөрүнүн эсебинен 1 даанадан ун жеткирилди.





ОшМУнун ректору К.Г. Кожобековдун демилгеси менен ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан ОшМУнун 75 кызматкерлеринин ар бирине тамак-аш продуктасы (май, макарон, чай, күрүч, кант, печенье, туз, сгушенка, ун) жардам берилди. Тизме ОшМУнун факультеттеринин, коллеждердин жана лицейлердин профюролордун төрагалары жана төрайымдары тарабынан берилди. Ошондой Билим, илим кызматкерлеринин Ош облустук профсоюз комитети тарабынан 30 кызматкерге тамак-аш продуктасы берилди. Ар бир кызматкерлердин үй-даректерине жеткирилди.

2021-жылы 8-февралында ОшМУда "Кайрымдуулук күнү" деп жарыяланып, Педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин окутуучусу, жабык имаратта өткөн Азия оюндарынын чемпиону, көчмөндөр оюнунун жеңүүчүсү, алыш жана эркин күрөш боюнча чебер Мамарасул кызы Алтынайдын апасы үчүн кайрымдуулук акциясы өттү. Кайрымдуулук иши окуу жайдын башкы имаратында башталып, бардык факультет, колледждерде уланды. Университеттин жамааты жигердүү катышып, 300 жүзмиң сомго жакын каражат чогултуп, Алтынай Мамарасул кызына тапшырылды. Мындан сырткары окутуучулар спортчунун электрондук эсептерине да каражат которуп берилди.

ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин философия кафедрасынын доценти Абдылдаев Жоомарт агайдын ден соолугуна байланыштуу жалпы жамааттан 440 286 сом акча чогултуп берилди. ОшМУнун дене тарбия факультетинин №2 факультеттер аралык дене тарбия кафедрасынын улук окутуусу Тойчиев Шукур агайдын жашаган үйү күйүп кетти. Жалпы ОшМУнун жамаатынан 476 522 сом акча чогултуп берилди. ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин доценти Алымкулова Светлана Батырбековнага ДТМФти -131 600 сом, ал эми ОшМУнун жамаатынан 379 441 сом, жалпы 511 011 сом чогултуп берилди.

Баткендеги кырдаалга байланыштуу 2021-жылдын 30-апрелде өткөн окуу жайдын Административдик кеңешинде, Баткен элине жардам берүү максатында ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы айлык маянасынын эсебинен 1 млн. сом акча которуу чечимин кабыл алып, которулуп берилди.

2022-жылдын 18-сентябрында "ОшМУ Баткен менен" штабы түзүлүп, Баткен районунун Тажикистан менен чектешкен аймактарындагы айылдардан эвакуацияланып келген жарандарды, ОшМУ тарабынан даярдалган жатаканаларга жайгаштырылды. Окуу жайда психолог жана медицина кызматкерлеринен түзүлгөн мобилдүү түзүлдү, жалпы 326 адам жайгашты, 100дөн ашуун ыктыярчылар келип жатаканага жайгаштыруу, ысык-тамак, кийим-кече, дары-дармектерди жеткирүү иштери жүргүзүлдү. Окуу жайдын жамааты жууркан, кийим-кече, тамак-аш азыктары боюнча жардам беришти. Бардык жарандарга ысык тамактар берилди, биринчи медициналык жардамдар көрсөтүлдү жана зарыл каражаттар менен камсыз болушту.



ОшМУнун профсоюз комитети студенттердин активдүү эс алуусун уюштуруу боюнча аларга социалдык жактан колдоо көрсөтүп, студенттер үчүн ден соолукту чыңдоочу 50 койка-орундуу студенттик профилактория 2023-жылдын декабрь айына чейин иштеп турду. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 22-ноябрындагы ПЖ № 319 жарлыгы менен "Кыргызстандын профессионалдык союздарынын Федерациясы" профсоюздук уюмдар бирикмесинин Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун (ФОТ) каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын бардык аймагындагы санаториялык-курорттук мекемелерге жолдомолорду берүүгө мораторий жарыяланды.

Ошондуктан, ОшМУнун студенттик профилакториясына Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунан (ФОТ) акча каражаттары бөлүнбөгөндүктөн иштөө мөөнөтүн токтотту.

ОшМУнун студенттик профилакториясынын (№3 жатакана) жарымында студенттерге, калганында "ОшМУ-Алдиер" футболдук командасынын курамы жашап жатат.









Ысык-Көлдүн жээгинде бир агымда 120 эс алуучуну кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ «Үмүт» пансионаты бар. Профкомдун негизги өнөктөшү болгон ректораттын жакындан көрсөткөн жардамы менен бул пансионатта эс алгандардын саны жыл сайын көбөйүүдө. “Үмүт” пансионатында 2020-жылы жок, 2021-жылы жок, 2022-жылы 21 кызматкер, 2023-жылы 36 адам, 2024-жылдын 109 кызматкер эс алып келишти. ФОТО

«Ак-Буура» эс алуу зонасы 2024-жылы сентябрь айында толугу менен кайрадан жаны имараты курулуп бүттү.



Ыссык-Көлдөгү эс алуулар боюнча маалымат 2021-жылдын 21-июлда Окуу жайдын жетекчилиги тарабынан демилгеленген иш-чараны Кесиптик кошуун колдоого алып, университеттин бардык факультет, колледж, бөлүмдөрү тарабынан сунушталган алдыңкы 50 окутуучуга акысыз жолдомо берилди. Окутуучулар Ысык –Көлдүн Кара-Ой айылында жайгашкан “Эне-Сай” пансионатында эс алып келишти.

2021-жылы окуу жайдын 42 кызматкери Ыссык-Көлдөгү Тон районундагы Тон айылындагы “Кызыл Гвоздика” эс алуу жайына акысыз эс алууга жөнөтүлгөн.

2022-жылдын 8-августунда Кыргыз Республикасынын Билим, илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин Ыссык-Көл областынын Тоң районунун Тон айылындагы "Красная гвоздика" эс алуу борборунда ОшМУнун 75 кызматкери 28-июлдан 2-августка чейин акысыз эс алышты. Эс алуучулар Ыссык-Көлгө сууга түшүп, андан сырткары Боз-Салкын, Жети-Өгүз жайлоолоруна да барып кыргыздын керемет коoз жайларында болушту.

2022-жылы 1-2-3-август кундору Ыссык-Көлдүн Чон Сары Ой айылындагы "Санат" пансионатында ОшМУнун жетекчиликтери эс алышты.

2023-жылдын 3-июлдан 8-июлга чейин ОшМУнун ОшМУнун илимий-изилдөө бөлүмү демилгеси менен окутуучулардын билимин терендетүү максатында уюштурулган Ысык-Көлдөгү “Рахат” пансионатында “Изилдөө усулдарын окутуу” курсу боюнча уюштурулуп, 45 окутуучу акысыз эс алуу кесиптик бирлик тарабынан каржыланды.

2023-жылдын 23-28-июль күндөрү ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобековдун демилгеси менен окуу жайдын 60 кызматкери Ыссык-Көлдүн Кара-Ой айылындагы "Телтору" пансионатында эс алышты. 28-31-июль күндөрү университеттин 120 кызматкери Чок-Тал айылындагы "Дельфин" пансионатына эс алууга акысыз жолдомо менен барышты. Кызматкерлерге Назарбаев университетинин профессору Дүйшөн Шаматов ЖОЖдордун сапаты, академиялык программалар, Назарбаев университетинин мисалында силлабус жазуу, баалоо жана академиялык чынчылдык, изилдөөнү окутуу боюнча тренинг өттү. Окутуу суроо-жооп, сунуш-пикирлер жана маалыматтар менен коштолду.

2020-жылы Жалал-Абад санаториясына 15 кызматкер, Мамакеев санаториясына 13 кызматкер, Көгүлтүр Ыссык-Көл санаториясына – 5 кызматкер, Ыссык-Ата курортуна 1 кызматкер. 2021-жылы Жалал-Абад санаториясына 76 кызматкер, Мамакеев санаториясына 57 кызматкер, Барчын профилакториясына 4 кызматкер, Көгүлтүр Ыссык-Көл санаториясына – 5 кызматкер, Ыссык-Ата курортуна 1 кызматкер, Ала-Тоо эс алуу уйуно 4 кызматкер. 2022-жылы Жалал-Абад санаториясына 70 кызматкер, Мамакеев санаториясына 48 кызматкер, Ыссык-Көл эс алуу уйуно 2 кызматкер, Көгүлтүр Ыссык-Көл санаториясына – 14 кызматкер, Ыссык-Ата курортуна 4 кызматкер, Ала-Тоо эс алуу уйуно 3 кызматкер, Арсланбап пансионатына 25 кызматкер. 2023-жылы Жалал-Абад санаториясына 65 кызматкер, Мамакеев санаториясына 24 кызматкер, Кочкор-Атадагы "Керемет-Резорд" санаториясына 19 кызматкер, Ыссык-Көл эс алуу үйүно 1 кызматкер, Көгүлтүр Ыссык-Көл санаториясына – 15 кызматкер, Ыссык-Ата курортуна 3 кызматкер, Ала-Тоо эс алуу үйүнө 4 кызматкер, 2024-жылы Жалал-Абад санаториясына 110 кызматкер, Мамакеев санаториясына 43 кызматкер, Кочкор-Атадагы "Керемет-Резорд" санаториясына 30 кызматкер, Көгүлтүр Ыссык-Көл санаториясына – 15 кызматкер, Арсланбап пансионатына 10 кызматкер.

# ЖЕТИШКЕНДИКТЕР ҮЧҮН СЫЙЛЫКТАР

Отчеттук мезгил ичинде ОшМУнун профсоюз комитети, КРнын билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин, Билим, илим кызматкерлеринин Ош облусунун профсоюз комитетинин, "Жетиген" журналы тарабынан бир катар конкурстардын жеңүүчүсү болгон.

Конкурстардын жыйынытыгы боюнча 2020-жылдын 28-декабрында ОшМУнун бириккен профсоюз комитетинин төрагасы А.Саттаров борбордук профсоюз комитетинин Диплому менен сыйланды. Фестиваль «Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо» жылына карата уюштурулган. Иш чаранын максатын аылайык ОшМунун профсоюз уюму материалдарды даярдап, пандемия шартынд жүргүзгөн активдүү иштерин чагылдырып, фестивалдын уюштуруу комитетинин кароосуна жөнөткөн. Уюштуруу комитетинин сунушу менен БПКнын кезектеги Президиуму ОшМУнун бириккен профсоюз комитетинин пандемия шартында аткарган иштерин алгылыктуу деп баалап, Диплом жана баалуу белек менен сыйлады. Ал сыйлыктарды БПКнын төрагасынын орун басары Ош областтык кесиптик бирлик комитетинин төрагасы С.Тойгонбаев тапшырды. Фото

2021-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республикасынын Билим, илим кызматкарлеринин борбордук комитети жыл жыйынтыгын чыгарды. Ага жети областтын Билим, илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин өкүлдөрү катышты. Иш-чарада ОшМУнун кесиптик бирлигинин төрагасы доцент Абсамат Саттаров КРнын Билим, илим кызматкерлеринин мыктысы "Ардак грамотасы" жана кол сааты менен сыйланды. ОшМУда кесиптик бирликтин аткарган иши Билим, илим кызматкарлеринин борбордук комитетинде жогору бааланды. Фото

2021-жылдын 29-августунда Республикалык көп тармактуу коомдук "Жетиген" журналынын 10 жылдык мааракесине жана өлкөбүздүн Эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына арналган салтанаттуу кечеде ОшМУнун кесиптик бирлигинин төрагасы Абсамат Саттаров "Эгемендик каарманы" төш белгиси жана дипломy менен сыйланды. (фото)

2022-жылдын 26-декабрында ОшМУнун бириккен кесиптик бирлигинин төрагасы Абсамат Саттаров "Кесиптик бирлик мүчөлөрүн окутууну уюштуруу боюнча баштапкы кесиптик бирлик комитети" номинациясы боюнча республикалык кароо-сынагынын жеңүүчүсү деп табылып, диплом, баалуу белектерге ээ болду. Ошондой эле Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин "Билим, илим профсоюзунун отличниги" төш белгиси менен сыйланды.

ОшМУга жакыңкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн коноктор көп келип жаткандыгы баарыбызга маалым. Алар соңку жылдарда биздин ар тараптуу өнүгүүбүзгө күбө болушууда. Унверситетибиздеги жаңы, заманбап окуу имараттары курулуп жана жаңыланып жумуш орундарынын көбөйүшү эмгек шарттарын түзгөндүгү үчүн, Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн алдыңкы сабында болуп, өзүнүн ишмердүүлүгүндө "Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы менен жигердүү иштеп келе жаткан ынтымактуу, чоң жамааты жетектеген, жаштарга билим берүүгө, тарбиялоого, илим изилдөөгө, өлкөбүздүн туруктуулугуна, өсүп-өнүгүшүнө, жаңылануусуна, эгемендүүлүгүнө кошкон өзгөчө салымы эске алынып, КРнын билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитети тарабынан "Кесиптик бирликтин отличниги" төш белгиси менен ОшМУнун ректору, ф-м.и.д., профессор К.Кожобеков сыйланды.



## Мындан сырткары, профсоюз иштерине кошкон салымдары жана жигердүү эмгектери үчүн профсоюздун бир катар активисттери, өнөктөштөрү жана катардагы мүчөлөрү сыйланышкан:

ОшМУнун профсоюз комитетинин Ардак грамотасы
**268 КЫЗМАТКЕР**

Ош областтык билим, илим кызматкерлеринин профсоюз комитетинин Ардак грамотасы
**207 КЫЗМАТКЕР**

КРнын билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы
**36 КЫЗМАТКЕР**

КРнын билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин «Отличниги» төш белгиси
**46 КЫЗМАТКЕР**

КРнын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак Грамотасы
**2 КЫЗМАТКЕР**

КРнын билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси
**2 КЫЗМАТКЕР**


Диплом

Диплом

Диплом

Диплом

I ДАРАЖАДАГЫ
ДИПЛОМ

Диплом

2021
ЖЕТИГЕН
ДИПЛОМ




ЖЕТИГЕН
ДИПЛОМ
2022


ПОЧЕТНАЯ
ГРАМОТА
НАГРАЖДАЕТ

# КЫЗМАТКЕРЛЕРДИ ТУРАК-ЖАЙ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ МАСЕЛЕСИН ЧЕЧҮҮ

2018-жылдын жай айында Жогорку Кеңештин Ата Мекен фракциясысынын лидери Алмамбет Шыкмаматов баштаган депутаттар ОшМУга келип жолугушканда, профсоюз комитети алардын алдына ОшМУнун кызматкерлерине өз эсебинен ипотекалык кредиттөө жолу менен көп кабаттуу турак үйдү куруугa, бул үчүн Ош шаарында ылайыктуу жер тилкесинин бөлүнүп берилишине көмөк көрсөтүүсү жөнүндө маселе койгон экен. Андан соң КРнын Жогорку Кеңешинин Ош шаардык мэриясына ОшМУнун кызматкерлери үчүн өз эсебинен көп кабаттуу турак-жай курууга жер тилкесин бөлүп берүүнү тапшырган, 2020-жылдын 23-ноябрындагы Ош шаардык мэриясы №342-токтому кабыл кабыл алынган. Аталган токтомдун негизинде Кең-Сай турак-жай конушунун көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу боюнча №287-көчө №3К дарегинде жайгашкан 2000,0 чарчы метр жер тилкесин бөлүп берилди.







Окуу жайыбыз аймакта эле эмес, өлкөбүздүн коомдук жашоосунда да олуттуу мааниге ээ экендигин эске алуу менен жамаатыбызда жетекчилик жана профсоюз комитети тарабынан биримдик менен ынтымактын камсыз болушуна зор көңүл бурулуп келүүдө. Жаштарга татыктуу билим-тарбия берүү, жогорку маданияттуулукту үйрөтүү вазыйпасы жүктөлгөн педагогикалык жамаатыбыздын мүчөлөрү эң ириде бул үчүн өзүбүз үлгү болушубуз бизге коюлган коомдун талабы экендигин терең түшүнөбүз. Профсоюзга келип түшкөн ар кандай арыздарды жана кайрылууларды иликтөөгө алганда, биз эң биринчиден ушул принциптерге таянуу менен иш алып баргандыгыбыз көп жолу өзүн актап келатат. Тараптарды ынтымакка, өзара түшүнүшүүгө жана кечиримдүүлүккө чакыруу менен андан аркы абалды жакшыртууга кам көрүп келебиз. Бул иштерибизде бизге окуу жайыбыздын коомдук уюмдары болгон Ардагерлер Кеңешинин төрагасы, профессор К.Зулпукаров азыркы мезгилде төрагасы, доцент О.Коланов жана Аялдар Кеңешинин төрайымы, улук окутуучу Г.Сейитказиеванын кол кабыш кылган иштеринин ролун баса белгилеп кетким келет.

2023-жылдын 2-мартта 8-март Аялдардын эл аралык майрамына карата университетте эмгектенген эжекелер арасында факультеттер аралык сууда сүзүү боюнча мелдеш өтөт. Спорттук таймашты окуу жайдын аялдар кеңеши демилгелеп, кесиптик бирлик комитети демөөрчүлүк кылып. Мелдештин жыйынтыгында 45 жаштан жогорку куракдагылар арасында Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окутуучусу Нуриля Заирова 1-орунду, Эл аралык медицина факультетинин окутуучусу ,, факультетинин окутуучусу Таштанбек кызы Айгүл 4-орунду, ал эми 45 жашка чейинки куракдагылар арасында Медициналык колледждин окутуучусу Саламат Мурзакулова 1-орунду, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окутуучусу Айжамал Абдиева 2-орунду, Кыргыз-Кытай факультетинин окутуучусу Айжамал Эргешбаева 3-орунду, Юридика факультетинин окутуучусу Кубаныч кызы Айгүл 4-орунду багындырды. Байгелүү орунга ээ болгон эжекелер дипломдор жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

# ОШМУНУН ЖАМААТЫ “ЧЫЙЫРЧЫК” ЖАЙЛООСУНДА



2023-жылдын 24-февралында Ош мамлекеттик университетинин ректораты жана кесиптик бирлиги 23-февраль – Ата Мекенди коргоочулар күнү жана 8-март – Аялдардын эл аралык майрамына карата ОшМУнун профессордук-окутуучулук жамааты, студенттери үчүн “Чыйырчык” жайлоосуна эс алуу уюштурулду. ОшМУнун 150дөн ашуун кызматкерлери катышкан “Чыйырчык” жайлоосундагы муз тебүү эс алуусун демилгелеп уюштурган профсоюз комитети тарабынан эс алуучуларга ысык тамак уюштурулуп берилди.

2021-жылдын 6-октябрында Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик майрамы КР мугалимдер күнүнө карата Ош мамлекеттик университети 6-октябрь күнү Рамазан ресторанында салтанаттуу кече уюштуруп, ардактуу кесип ээлерине сый-урмат көрсөтүлдү.



2022-жылдын 15-ноябрында ОшМУнун жамааты Ош улуттук драма театрында Илим жана мугалимдер күнүн салтанаттуу белгиледи. Окуу жайдын Кесиптик бирлиги тарабынан уюштурулган майрамдык кече "Мугалим-билим ачкычы, Профсоюз-эмгек сакчысы" деп аталып, концерттик программа менен коштолду. Салтанатты ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков ачып, салтанаттын жүрүшүндө ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамына ардак грамоталары жана окуу жайдын өзүнүн акчалай сыйлыктары тапшырылып, алкыштар сыйланышты.



"Карысы бардын – ырысы бар" демекчи, бүгүнкү күндө "Даңк" ордендүү, куттуу окуу жайыбыз болгон ОшМУда иштеп жаткан жана ардактуу эс алуудагы 560тан ашуун ардагер агай-эжейлерибиз бар. 1-октябрь Улгайгандардын эл аралык күнүнө карата университетибиздеги 500го жакын кызматкерлерине ОшМУнун ректораты жана профсоюз комитети тарабынан жыл сайын сатка айланып откорулгон сый тамак жана концерттик программа уюштурулуп, кечеге чакырылгандарга профсоюз комитети тарабынан жардам көрсөтүлдү.

2020-жылы 444 ардагерге
ар бирине 500 сомдон
**222 000 сом**

2021-жылы 1040 ардагерге
**615 000 сом**

2022-жылы 365 ардагерге
ар бирине 1000 сомдон
**365 000 сом**

2023-жылы 850 ардагерге
ар бирине 1000 сомдон
**850 000 сом**

2024-жылы 548 ардагерге
**477 000 сом**

## Майыптыгы бар кызматкерлерге

2020-жылы 35 кызматкерге ар бирине 1000 сомдон
**35 000 сом**

2021-жылы 20 кызматкерге ар бирине 500 сомдон
**10 000 сом**

2022-жылы 19 кызматкерге ар бирине 1000 сомдон
**19 000 сом**

2023-жылы 24 кызматкерге ар бирине 2000 сомдон
**48 000 сом**

2024-жылы 24 кызматкерге ар бирине 1000 сомдон
**24 000 сом**



Жыл сайын ОшМУда эмгектенип жаткан жана эс алуудагы 500дөн ашуун ардагер окутуучулар, кызматкерлер үчүн сый кече уюштурулат. ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков, Камкорчулар кеңешинин төрагасы Балтагул Нурунбетов, кесиптик бирликтин төрагасы Абсамат Саттаров, ОшМУнун Ардагерлер кеңешинин төрагасы Капар Зулпукаров ОшМУга арнаган агай-эжейлерди, кызматкерлерди куттуктап, кечеге ОшМУнун медицина факультетинин кечки бөлүмүнүн фармацевтика адистигинде окуп жаткан 85 жаштагы Мамат Кулматов аксакал да конок катары чакырылган.

## Ардагерлер Кеңешинин жыйыны 05.10.2024-ж. өткөрүлүп, анын 14 кишиден турган жаңы курамы түзүлдү:

**Коланов Орунбек Коланович –**
Медициналык колледжинин фармацевтикалык дисциплиналар ПЦКнын башчысы, ОшМУнун ардагерлер кеңешинин төрагасы, биология илимдеринин кандидаты, доцент

**Орозбеков Мухтар Орозбекович –**
ОшМУнун ректорунун кеңешчиси, техника илимдеринин доктору, профессор, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Кадырбаева Тамара –**
Педагогика, искусство жана журналистика институтунун профессору, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Айдаралиев Эгемназар**
Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технология институтунун доценти, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Матиева Гулбадам -**
МФТИТ институтунун профессору, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Абдыганыев Нурудун -**
Медицина факультетинин доценти, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Исмаилова Бумайрам Исмаиловна**
Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун доценти, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Орозбаев Жумабай Масирович**
ИПК, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Абытов Байболот Капарович –**
Чыгыш таануу институтунун профессору, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Дыйканов Примберди Аширбекович –**
Квалификацияны жогорулатуу борборунун методисти, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Акматов Советбек Акматович –**
ВШМОП улук окутуучу, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Курбанбаева Патила –**
Клиниканын дарыгери, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Аилчинова Назира Уркунбаевна –**
Өзгөн Эл аралык медициналык колледжинин окутуучусу, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

**Раимбердиев Расулберди –**
Тарых жана юридика институтунун кылмыш жаза укук жана процесси кафедрасынын доценти, ардагерлер кеңешинин мүчөсү

Мугалимдин эмгегин стимулдаштыруу, ошону менен бирге бул максатта жалпы кызматкерлерибиздин эмгек акысын индексациялоо, т.а., аны жылына бир жолудан кем эмес жогорулатуу, буга кошумча 13-эмгек акыны төлөп берүү Жамааттык Келишимдин маанилүү бөлүгү болуп эсептелет.

Профсоюз комитетинин конференциясынын токтомдорунда белгиленгендей, кийинки беш жылдыкта спортту колдоо иштерин жакшыртуу милдети коюлган. ОшМУнун спорт клубунун жетекчиси "Ынтымак" деп аталган спорт клубунун төрагасы Алмаз Казибековдун жетекчилиги астында институттарыбыздын, факультеттерибиздин жана колледждерибиздин студенттеринин, профессордук-окутуучуларынын жана кызматкерлеринин ортосундагы спорттук мелдештер жогорку деңгээлде уюштурулуп өткөрүлүүдө. Байгелүү орундар үчүн биз тараптан берилген акчалай сыйлыктардын суммасы жылдан жылга көбөйүүдө. Профкомдун алдында "Ынтымак" спорт клубунун жетекчисинин штаты 2020-2021-жылдарында анын эмгек акысы төлөнүп берилди. Спорттук командаларга (волейбол, футбол, ордо, стол тенниси оюндары боюнча) кийим формаларын сатып алып колдоо көрсөтүлдү. Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Ош областтык комитети тарабынан уюштурулуп өткөрүлгөн шаардагы ЖОЖдор аралык спартакиадага катышып, ОшМУнун кызматкерлеринин командасы 2021-2024-жылдары I орунду багындырууга жетишти. Быйыл болсо ал спартакиаданы ОшМУнун спорттук базасында уюштуруп өткөрүү иш планыбызга киргизилген.

Жыл сайын Ош шаарынын борбордук аянтында Ош облустук Профсоюздардын кеңеши тарабынан демилгеленип, 1-май Эмгекчилердин эл аралык тилектештигинин күнүнө карата Ош шаарынын борбордук аянтында марш уюштурулду. Иш-чарага ОшМУнун эмгек жамааты да катышты. Тынчтыктын, жаздын, эмгектин символу катары бул күн муундан-муунга жүрөктөрдө сакталып келатат. Майрамдык маршка чыккан ким болбосун - тилине, тегине, динине карабастан, тилектеш, тагдырлаш, максатташ экенин сезишти.



Жыл сайын өткөрүлгөн Спартакиадалар боюнча 2022-жылдын 11-февралда ОшМУда факультеттер жана колледждер аралык профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда спорттун 5 түрү боюнча спартакиада өттү. Мелдештер 31-январдан 11-февралга чейин уланып, командалар волейбол, баскетбол, стол тенниси, тогуз коргоол жана шахмат боюнча күч сынашты. Спартакиаданын жыйынтыгында командалык эсеп боюнча 1-орунду индустриалдык-педагогикалык колледжи, 2-орунду медициналык колледжи, 3-орунду бизнес жана менеджмент факультетинин командалары ээледи. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи 10-февралда болуп, ага окуу жайдын ректору К. Кожобеков, Кесиптик бирлигинин төрагасы А.Саттаров, профессордук-окутуучулук курам катышты. Жеңишке жеткен командалар, мыкты оюнчулар окуу жайдын жана кесиптик бирликтин дипломдору, кубоктору жана акчалай сыйлыктары менен сыйланышты.



2022-жылдын 21-октябрында ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда спорттун 5 түрү боюнча спартакиада башталды. Волейбол, баскетбол, стол тенниси, тогуз коргоол жана шахмат боюнча мелдештерге окуу жайдын бардык факультеттеринен, колледждеринен, мектеп-лицейлеринен командалар катышты. Мелдештер жылдагыдан өзгөчөлөнүп 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку аялдар жана эркектер арасында өттү. Оюндар бир убакта эмес, декабрь айына чейин жуманын ар жума жана ишемби күндөрү бирден спорттун түрү боюнча болду. 21-октябрда башталган спартакиада 10-декабрда жыйынтыкталып, жеңүүчүлөр сыйланышты. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда өткөн спартакиада жыйынтыкталып, жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи болду. Ага ректор Кудайберди Кожобеков катышып, спорттук мелдешке жигердүү катышкан окутуучуларга ийгилик каалап, ыраазычылык билдирди. Спартакиаданын жыйынтыгында командалык эсеп боюнча 1-орунду Бизнес жана менеджмент факультети, 2-орунду STEM инновациялык колледжи, 3-орунду Медициналык колледжинин командалары ээледи.

## Спартакиадалардын байге фонду

| 2021-жыл | 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|---|
| 64 100 сом | 110 700 сом | 149 295 сом | 196 500 сом |

Облустук билим берүү жана илим кызматкерлеринин спартакиадасында 2021-жылдын 22-майында ОшМУнун базасында өткөн Ош облустук билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик кошуунунун спартакиадасы жыйынтыкталды. Спорттук мелдешке Ош шаарында жайгашкан 5 жогорку окуу жайы катышып, спорттун 7 түрү боюнча мелдешти. 1-орунду Ош мамлекеттик университети, 2-орунду Ош технологиялык университети, 3-орунду Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин командалары ээледи. Жеңишке жеткен ОшМУнун командасы дээрлик бардык оюндарда 1-орунду багындырган: волейбол боюнча агайлар командасы 1-орун, эжекелер командасы 1-орун, шахмат боюнча агайлар командасы 1-орун, эжекелер командасы 1-орун, тогуз коргоол боюнча агайлар командасы 1-орун, эжекелер командасы 1-орун, стол тенниси боюнча агайлар 2-орун, эжекелер командасы 1-орун, ордо боюнча агайлар командасы 1-орун, футбол боюнча 1-орун, стритбол боюнча агайлар командасы 1-орунду ээлешти. Жыйынтыгында жалпы командалык эсеп менен 1-орун.



2022-жылдын 13-июнунда Ош облустук билим берүү жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлиги уюштурган XV спартакиада өттү. Спорттук мелдешке Ош шаарында жайгашкан 5 жогорку окуу жайы жана 7 райондордон келген командалар спорттун 6 түрү боюнча мелдешти. Жеңишке жеткен ОшМУнун командалары дээрлик бардык оюндарда 1-орунду багындырган: волейбол боюнча агайлар командасы 1-орун, эжекелер командасы 1-орун, шахмат боюнча агайлар командасы 1-орун, эжекелер командасы 1-орун, стол тенниси боюнча эжекелер командасы 1-орун, футбол боюнча 1-орун. Жыйынтыгында жалпы командалык эсеп менен 1-орунду Ош мамлекеттик университети ээледи.

2023-жылдын 14-мартында Ош шаарынын жогорку окуу жайларынын жана кесиптик орто окуу жайларынын кызматкерлери арасында «Ден-соолук - 2023» спартакиадасы 14-мартта башталып, спорттук иш-чарага Ош шаарындагы жогорку жана орто окуу жайларда эмгектенген кызматкерлер катышты. ОшМУнун курама командасынын төмөндөгүдөй жыйынтыктарга ээ болду. Волейбол боюнча: 40 жаштан жогорку агайлар командасы, 2-орун, 40 жашка чейинки агайлар командасы, 1-орун, 40 жаштан жогорку аялдар командасы, 1-орун, 40 жашка чейинки аялдар командасы, 3-орун, футбол боюнча: 40 жаштан жогорку оюнчулар командасы, 1-орун, 40 жашка чейинки оюнчулар командасы, 1-орун, стритбол боюнча: 40 жаштан жогорку оюнчулар, 1-орун, 40 жашка чейинки оюнчулар, 1-орун, ордо боюнча, 1-орун, шахмат боюнча: агайлар командасы, 1-орун, аялдар командасы, 1-орун, тогуз коргоол боюнча: агайлар командасы, 3-орун, стол тенниси боюнча: 40+ оюнчулар командасы, 3-орун, 40 жашка чейинки агайлар командасы, 1-орун, аялдар командасы, 1-орун. Жеңүүчү командалар жайында Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүлүүчү республикалык мелдешке катышууга жолдомо алышты.



2023-жылдын 15-майында Билим, илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Ош областтык комитети тарабынан уюштурулган окуу жайлардын кызматкерлери арасында өткөн спартакиадада ОшМУкомандалык эсепте биринчи орунду ээледи. Волейбол боюнча 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку эркектер 1-орун, волейбол боюнча 40 жашка чейинки эжекелер 1-орун, 40 жаштан жогорку эжекелер 2-орун, футбол боюнча 40 жашкачейинкижана 40 жаштан жогорку эркектер 1-орун, стритбол боюнча агайлар жана эжекелерарасында (45 жашка чейинки жана 45 жаштан жогорку) 1-орун, ордо боюнча агайлар 1-орун, шахмат боюнча агайлар жана эжекелер - 1-орун, тогуз коргоол агайлар - 1-орун, стол тенниси боюнча 40 жашка чейинки агайлар жана эжекелер 1-орун, ал эми 40 жаштан жогорку агайлар 3-орун. Спартакиаданын жеңүүчүлөрү Ош областтык профсоюз комитети тарабынан дипломдор жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

2024-жылдын 15-майында Билим, илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Ош областтык комитети тарабынан уюштурулган окуу жайлардын кызматкерлери арасында өткөн спартакиадада ОшМУкомандалык эсепте биринчи орунду ээледи.

Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинде өткөн "Ден-соолук - 2024" спартакиадасында ОшМУнун кызматкерлери жалпы командалык жыйынтык боюнча 1-орунга ээ болду. Жеңүүлөргө Ош облустук Билим, илим кызматкерлеринин профсоюз комитети тарабынан диплом жана акчалай сыйлыктар тапшырылды. Тандоо турунан жеңүүчү катары табылган командалар Ысык-Көлдө өткөрүлө турган "Ден соолук-2024" Спартакиадасына жолдомо алышты.

2021-жылдын 21-июнунан ОшМУнун кызматкерлери "Ден соолук" спартакиадасы Чолпон-Ата шаарынын "Көгүлтүр Ысык-Көл" санаториясынын спорттук базасында 21-27-июнь күндөрү өткөн билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин спартакиадасына ОшМУнун кызматкерлери спорттун бардык түрү боюнча мелдештерге катышты. Мелдештердин жыйынтыгында ОшМУнун волейбол боюнча эжекелер командасы 1-орунду, футбол боюнча агайлар 3-орун, шахмат боюнча агайлар 1-орун, эжекелер 2-орун, стол тенниси боюнча агайлар 2-орун, эжекелер 1-орун, ордо боюнча агайлар 2-орунду ээ болушту.

2022-жылдын 22-июнунда Ысык-Көлдүн Бостери айылындагы «Кыргыз денизи» санаториясынын спорттук базасында Кыргыз Республикасынын Билим берүү системасынын окуу мекемелеринин кызматкерлеринин "Ден соолук" спартакиадасы старт алды. Аталган иш-чаранын ачылуу аземи 21-июнда болуп, анда ОшМУнун намысын коргоо үчүн барган профессордук-окутуучулук курам бирдиктүү формада параддан өтүштү. ОшМУнун командалары жалпы эсеп боюнча I орунду багындырды. 40 жашка чейинки эркектер ортосундагы волейбол мелдешинде 1-орун, волейбол кыздаркомандасы 1-орун, стритбол 1-орун, шахмат эркектер арасында 1-орун, шахмат кыздар арасында 1-орун, теннис кыздар арасында 1-орун, ордо 1-орунду ээлешти.Ал эми 40 жаштан жогорку командалар арасында волейбол 3-орун, футбол 3-орун, тогуз коргоол эркектер арасында 2-орун, теннис эркектер арасында 3-орунду камсыздашты. ОшМУдан барган жалпы 14 команданын ичинен 11 команда байгелүү орундарга ээ болду. Иш-чаранын жабылуу салтанатында ОшМУнун ректору К. Кожобеков КРнын Улуттук Олимпиадалык комитеттин Ардак Грамотасы менен сыйланды. Спортчуларды ОшМУнун студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору Жылдыз Артыкова жана ОшМУнун кесиптик бирлигинин төрагасы Абсамат Саттаров жетектеп барышкан.

2023-жылдын 27-июнунан ОшМУнун 100гө жакын агай-эжекелери Ысык-Көлдө өтүп жаткан билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин "Ден соолук-2023" спартакиадасына катышты. Жыл сайын өтүүчү иш-чаранда спорттун волейбол, футбол, стритбол, шахмат, ордо, стол тенниси, тогуз коргоол түрлөрү боюнча мелдештер орун алды. Волейбол боюнча 40 жашка чейинки кыздар командасы 1-орун, жигиттер командасы 1-орун, футзал боюнча 40 жашка чейинки жигиттер командасы 1-орун, теннис боюнча кыздар командасы 1-орун, жигиттер командасы 2-орунга ээ болду.

Ал эми шахмат боюнча кыздар командасы 1-орун, ордо боюнча 2-орун, стритбол боюнча жигиттер командасы 3-орун, волейбол боюнча 40 жаштан жогору эркектер арасында жигиттер командасы 3-орун, футзал боюнча 45 жашка чейинки команда 1-орунду жеңип алышты. Жалпы командалык эсеп менен ОшМУ 1-орунду ээлешти.



2024-жылдын 25-июнунан Чолпон-Ата шаарынын «Көгүлтүр Ысык-Көл» санаториясынын спорттук базасында Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулар кызматкерлери арасында өткөн жаткан «Ден соолук» спартакиадасы жыйынтыкталды. Спартакиада 25-июнда башталып, 1-июлда жыйынтыкталды. ОшМУнун курама командасынын төмөндөгүдөй жыйынтыктарга ээ болду.





**Волейбол:** 45 жаштан жогорку агайлар командасы 2-орун,
40 жашка чейинки агайлар командасы 1-орун,
40 жаштан жогорку эжекелер командасы 1-орун,
40 жашка чейинки эжекелер командасы 1-орун
**Футбол:** 40 жаштан жогорку оюнчулар командасы 3-орун,
**Стритбол:** 40 жаштан жогорку оюнчулар 3-орун,
40 жашка чейинки оюнчулар 1-орун,
**Ордо:** Ордо оюнунун командасы 1-орун,
**Шахмат:** Агайлар командасы 1-орун
эжекелер командасы 2-орун,
**Тогуз коргоол:** агайлар командасы 1-орун,
эжекелер командасы 3-орун,
**Стол тенниси:** агайлар командасы 2-орун,
эжекелер командасы 1-орун ээлешти.

Ош мамлекеттик университетинин кызматкерлери жалпы командалык жыйынтык боюнча **I орунду** камсыздашты.

Жөө күлүк ОшМУдан борборго жолго чыгып, 2023-жылдын 7-июнда ОшМУда жарыяланган Сергек жашоо жана ден соолук жылынын алкагында окуу жайдын педагогика жана психология факультетинин улук окутуучусу Канибек Джанибаев окуу жайдын башкы корпусунан Бишкекти көздөй жөө жолго чыгып, 10 күндүн ичинде Бишкек шаарындагы Ала-Тоо аянтына чейинки аралыкты чуркап өтүүнү көздөп, аны 10 күн боюу атайын топ коштоп барды. ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан акчалай жардам берилди.





ОшМУда эмгектенген "Баатыр Энелер" сыйланды. Жыл сайын ар бир жылдын май айынын үчүнчү жекшембисинде Республика аймагында Энелер күнү белгиленип келет. Агартуу тармагында үзүрлүү эмгектенүү менен үй-бүлөдө уул кыздарды татыктуу тарбиялап келе жаткан баатыр энелерди ОшМУнун жетекчилиги тарабынан "Энелер күнү" менен куттуктап, окуу жайдын кесиптик кошууну тарабынан акчалай сыйлык жана белек тапшырылат. Учурда окуу жайда тогуз "Баатыр Эне" эмгектенип келүүдө. Алар Бизнес жана менеджмент факультетинин методисти Гүлгаакы Сагымбаева 3-уул , 4-кыздын, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин лаборанты Аналбү Асанова 7-кыз, 1-уулдун, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин улук окутуучусу Бактыгүл Забаева 7 кыздын, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окутуучусу Жыпара Тажибаева 6 – кыз, 1- уулдун, Педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин окутуучусу Зайна Бубаева 6 уул, 1 кыздын, Юридика факультетинин окутуучусу Асель Акматбекова 6 кыз, 1 уулдун, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин окутуучусу Нүргүл Сейитбекова 6 кыз, 1 уулдун, Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окутуучусу Эльмира Самиева 4-кыз 3-уулдун, ОшМУнун медициналык клиникасынын кызматкери Чынара Гапарова 8 баланын энеси.





## ОшМУнун кесиптик бирлигинин жыйыны ар дайым иш пландын негизинде өткорүлдү

Мисалыга алганда 2022-жылдын 8-сентябрында аталган жыйынга ОшМУнун кесиптик бирлигинин төрагасы А. Саттаров, окуу иштери боюнча проректору З. Божонов, окуу жайдын юристи У. Суеркулов, окуу-маалымат департаментинин башчысы И. Атабаев, жалпы факультет, колледж, лицей, гимназиялардын, структуралардын кесиптик бирлигинин төрага, төрайымдары, студенттик акыйкатчы катышты.

2023-жылдын 1-февралда ОшМУнун кесиптик бирлик комитетинин жыйыны өттү. Жыйынга окуу жайдагы комитеттин бардык структураларындагы мүчөлөрү катышты. Анда катышуучулар ОшМУнун ректораты жана биргелешкен кесиптик бирлик комитетинин ортосунда 2023-2026-жылдарга социалдык-экономикалык жана эмгек маселелери боюнча иштелип чыккан Жамааттык келишимди талкуулашты. Буга чейин окуу жайдын кесиптик бирлик комитети 2019-жылдагы расмий тилдеги Жамааттык келишим менен иш жүргүзүп келишкен. Азыркы жаңыдан иштелген Жамааттык келишимге өзгөртүүлөр, кошумчалар, түзөтүүлөр киргизилип, кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган.

## Коррупциянын алдын алуу бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси, аны менен күрөш – күнүмдүк ишибиз болууга тийиш!

Кыргыз Республикасында коррупциянын алдын алуу боюнча мамлекеттик бир катар мыйзамдарга жана нормативдик-укуктук актыларга, өзгөчө Билим берүү жана илим министрлигинин бул боюнча 2009-жылдагы Жобосуна, Жамааттык Келишимде көрсөтүлгөн биргелешкен милдеттердин талаптарына ылайык ректорат менен профком ОшМУда мындай жагымсыз көрүнүштөргө аесуз күрөш жүргүзүүгө принципиалдуу кадамдарга барууда. ОшМУдагы коррупциянын алдын алуу боюнча ректордун буйругу менен түзүлгөн комиссияны 2020-жылдан бери профкомдун төрагасы, т.а., мен жетектеп келген жылдар аралыгында бир катар олуттуу маселелерди кароодо чечкиндүү чараларга баргандыгыбызды баса белгилегибиз келет. Университетибиздин 2019-2024-жылдарга өнүктүрүү Концепциясынын "Санариптик технологиялардын университети", "Коопсуз университет", "Экологиялык университет", Билимдин сапаты эл аралык стандарттарга дал келген университет деген багыттары да коррупцияны биротоло демонтаждоо менен айкалышуусу учурдун талабы болууда. Антпесек, студенттердин, алардын ата-энелеринин арыздарында, кайрылууларында көрсөтүлгөн пара алган фактылары азыр да жок эмес. Мурдагы мезгилдерге салыштырмалуу кийинки жылдарда коррупциялык көрүнүштөр азайды дегенибиз менен бирок, модулдар, сессия жана мамлекеттик сынактар учурунда, дипломдук-квалификациялык иштерди аткарууда дале болсо акча талап кылуу, старосталар аркылуу топтоолор орун алып келүүдө.

Мындай фактылар боюнча бир катар текшерүүлөр жүргүзүлүп, жыйынтыгы боюнча ректорго сунуштар берилип турууда (конкреттүү мисалдар атайын папкабызда катталып турат).

Аталган маселени иликтеп, кеңири анализ жүргүзүп, тийиштүү сунуштарды иштеп чугуу үчүн түзүлгөн комиссиянын курамында Юридика факультетинин кафедра башчысы, доцент Парайдин уулу Шайлообектин жигердүү ишин белгилеп кетким келет.

## Негизги вазыйпабыз келечектүү багыттарыбызды аныктайт. Жаштарыбыз – келечегибиз, жаш лидерлерибиз профсоюздук иштерибизди улантышат!





Негизги вазыйпабыз келечектүү багыттарыбызды аныктайт. Жаштарыбыз – келечегибиз, жаш лидерлерибиз профсоюздук иштерибизди улантышат! ОшМУнун Студенттик Омбудсмен аппаратнын башчылары, профкомдун төрагасынын студенттер менен иштөө боюнча орун басарлары болуп Ахмадалиев Алмаз (2009-2011), Жеңишбек уулу Аскарбек (2011-2013), Акбаралы уулу Өмүрбек (2013-2015), Кубанычбек уулу Нурсултан (2015-2017), Орозали уулу Бектурсун (2017-2019), учурда Абдырахманов Адилет (2019-2021), Жумабаев Бекжан (2021-2023), Майрамбек уулу Баястан (2023-2024), Метинали уулу Бектур 2024-жылдан бери иштеп келүүдө.

Ош мамлекеттик университетинин бириккен профсоюз комитетине мүчө болгон студенттер жөнүндө 2020-жылдын 10-январына чейин бюджеттик негизде окуган студенттерден мүчөлүк акы алган стипендиясынан 0.5% өлчөмүндө профсоюздун эсебине которулуп келген. Контракттык негизде окуган студенттер профсоюзга мүчө болуп эсептелишет жана алардан мүчөлүк акы айына 2 сом өлчөмүндө белгиленип, студенттер төлөгөн контракттык каражаттардын эсебинен профкомдун эсебине которулган. (Университеттин Окумуштуулар Кеңешинин (жалпы жыйынынын) 18.12.2015-ж. №4-чечими жана ректордун 19.12.2015-ж. №1164-буйругу). 2020-жылдын январь айынан контракттык негизинде окуган студенттерден мүчөлүк акы которулбайт, ал эми бюджеттик негизде окуган студенттердин стипендия алган студенттерден которулат.

Жаштар кенешинин, Студенттик Акыйкатчы аппаратынын, профсоюз комитетинин биргелешкен аракеттеринин натыйжасы десек болот. Конкурстарды уюштурууга, алардын жеңүүчүлөрүнө баарына профсоюз тарабынан тийиштүү каражаттар, жолдомолор берилип, бул болсо студенттерибиздин мындан ары да жакшы окууга өбөлгө болгондугу талашсыз. ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппаратынын жетекчисин жана жаштар кеңешинин төрагасы шайлоо комиссиясын жетектеп шайлоосун адилеттүү өткөрүүгө жетиштик.

# Учурдагы маанилүү багыттарыбыз жана алдыдагы милдеттерибиздин келечектүүлүгү

ОшМУнун профсоюз комитети бул эмгек жамаатынын, доктаранттардын, аспиранттардын, магистранттардын жана студенттердин укуктук жана социалдык кызыкчылыктарын коргоочу уюм болгондуктан мындан ары да Студенттик Акыйкатчы аппаратынын ишин координациялоо аркылуу студенттерди укуктук жана социалдык жактан колдоого алат, тактап айтканда, алардын:

- билим алуусу жана толук кандуу адис болуп чыгышы үчүн талап кылынган бардык шарттардын түзүлүшүн көзөмөлдөйт;
- жатаканада жашоо мүмкүнчүлүгүнө көмөк көрсөтөт;
- окуу учурунда коррупциялык жагымсыз көрүнүштөргө бөгөт коет;
- көп балалуу, алыскы аймактардан келген, ата-энесиз, майып, жалпы эле социалдык абалы оор студенттерге материалдык (акчалай) жардамдарды көрсөтөт жана мындай категориядагы студенттерге контракттык төлөмдөрдөн жеңилдиктерди алууга ректоратка өтүнүчтөрдү келтирет;
- окуунун алдыңкыларына, маданий-массалык жана спорттук иш-чаралардын активдүү катышуучуларына жана жеңүүчүлөрүнө акчалай сыйлыктарды, эс алуу жайларына путевкаларды берет;
- Оштогу "Ак-Буура" жана Ысык-Көлдөгү "Үмүт" пансионатына массалык эс алууларды жеңилдетилген шарттарда уюштурат; студенттер арасында (факультеттерде, жатаканаларда) социалдык укуктардын сакталышы жана пайдаланышы боюнча жолугушууларды, семинар-тренингдерди жана окууларды өткөрөт.

Ош мамлекеттик университетибизде бириккен профсоюз уюму өз ишмердигинде негизги өнөктөшүбүз болгон ректорат менен биргеликте социалдык камкордуктарды көрүү боюнча мындан ары да алгылыктуу иштерди улантууну максат кылат:

1. Жамааттык Келишимдеги жоболордун аткарылышы;
2. Татыктуу эмгек акы жана аны жогорулатуу;
3. Жумуш орундарындагы шарттардын жакшыруусу (жаңы курулуштар, андагы жаңы заманбап жумуш орундары);
4. Зыяндуулук үчүн, дем алыш жана майрам күндөрүндө иштеген үчүн кошумча төлөмдөрдүн төлөнүшү;
5. Курортторго-санаторийлерге, эс алуу үйлөрүнө, пансионаттарга ж.б.эс алуучу, саламаттыкты чыңдоочу жайларга жөнөтүү (Көгүлтүр Ысык-Көл, Ысык-Ата, ОшМУнун клиникасы, Чолпон-Ата ж.б. Жалал-Абад, Мамакеев, "Керемет" менен түз келишимдер);
6. Карыларга, эмгек ардагерлерине камкордукту күчөтүү, Карылар күнүнө карата иш-чаралардуюштуруу жана жардамдарды көрсөтүү;
7. 3-декабрь – Майыптардын эл аралык күнүнө карата иш-чараларды уюштуруу жана жардамдарды көрсөтүү;
8. ОшМУнун клиникасында дарылангандарга жеңилдетилген шарттарды түзүү жана материалдык жардамдарды көрсөтүү;
9. Муктаж студенттерге контракттык төлөмдөрдөн жеңилдиктерди берүүгө жетишүү жана материалдык жардамдарды көрсөтүү;
11. Студенттик Омбудсмен институтунун (Профкомдун төрагасынын студенттер менен иштөө боюнча орун басарынын) ишин колдоо жана күчтөндүрүү;
12. Кызматкерлерибизге, айрыкча жаш үй-бүлөлөргө мамлекеттик жана жеке ипотекалык программалар аркылуу, ошондой эле, ОшМУнун турак-жай куруучулар фондун (кооперативин) түзүү аркылуу алардын турак-жай менен камсыз болушуна колдоо көрсөтүүнү улантуу.

Соңку жылдар аралыгында ОшМУда коопсуздукту камсыздоо багытында бир топ жакшы иштер аткарылды, окуу корпустарына кирип-чыгууда турникеттер, көп жерлерде сырткы көзөмөлдү ишке ашыруучу видео байкоочу камералар орнотулду. Кийинки кездерде коррупциянын алдын алууда жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууда маанисинде видеокөзөмөлдү колдонуу иштеп келуудо. Бирок, айрым учурларда бул багыттагы иштерибиз мыйзам нормаларынан четтеп кеткен жокпу деген суроолор менен кайрылган кызматкерлерибиз көбөйүүдө. Азырынча өлкөбүздө "Сырткы видео байкоо жөнүндө" гана мыйзамыбыз бар экендигин эске алсак, видеокамераларды аудиториялардын ичине орнотуп, байкоо салуу адамдардын жеке жашоосуна кедергисин тийгизбейби, окутуучунун сабак өтүүдөгү эркиндигин чектебейби деген деген маселени жаратууда. Албетте, видеокөзөмөл жүргүзүү кызматкерлерибиздин өз милдеттерин аткаруу жоопкерчилигин да күчөтүп жаткандыгы байкалууда. Ошол эле учурда ал бир жерде бар, бир жерде жок, б.а., бир окутуучу дайыма видеокөзөмөлдө болот, ким-бирөөлөр кайсы-бир аудиторияда андай нерсени билбей эле жүрөт деген дооматтар айтылууда. Ошону менен бирге, видеокамераларды, аларга дисктерди ж.б. сатып алууга чыгымдалган ошончо каражаттарга электрондук доскаларды, проекторлорду, компьютерлерди сатып алып сабактарды заманбап талаптарга ылайык уюштурууга багытталган иштер жүргүзүлсө туура болмок деген негиздүү сунуштарды беришүүдө.

ОшМУнун профсоюз комитетинин төрагасы катары отчеттук мезгил ичинде профсоюздун жогорку органдарында мен ар дайым биздин уюмдун атынан Билим, илим кызматкерлеринин профсоюзунун Ош обкомунун Президиумун жана Пленумунун мүчөсү мындан сырткары, Ош шаардык мэриясынын муниципиалдык ипотека жөнүндөгү Жобосун талкууга катышкан өз пикиримди, идеяларымды жана сунуштарымды айтып, алардын ишке ашуусуна жетишип келдим деп айта алам.

Азыркы учурдун талаптарына ылайык, проофсоюздук өндүрүштү уюштурууга көңүл бурсак туура болот деп ойлойбуз: Экологияны жакшыртууга, айлана-чөйрөнү жашылдандырууга жана көрктөндүрүүгө салым кошуу максатында дарак-бадалдарды өстүрүү үчүн өзүбүздүн көчөт жана гүл питомниктерибизди уюштуруу, профсоюздук минимаркеттерди жана бутиктерди (азык-түлүк, канцелярия), кызматкерлерибиз менен студенттерди тейлөөчү кызматтарды (кол өнөрчүлүк цехин, токуу, тигүү жана реставрация, чачтарач, фотосалон) ж.б. иштерди уюштуруу пландарын турмушка ашырууга бюджеттик мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Жамаатыбыздын ар бир мүчөсү, ректордон баштап лаборантка чейин өз ой-пикирин, сунушун эркин түз, ачык, негиздүү айтканга, жогорку жакка жеткиргенге университетти башкарууга катышуу укугу камсыздалууга тийиш.

2021-жылдын 31-мартында ОшМУнун медициналык клиникасында амбулаториялык дарт аныктоо бөлүмү ачылып. Ош мамлекеттик университетинин медициналык клиникасынын базасындагы амбулаториялык дартаныктоо бөлүмүнүн ачылышы Билим берүү жана илим министринин жана КР билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин Торагасы А.Токтогуловдун катышуусунда өттү. Амбулаториялык дарт аныктоо бөлүмүндө лаборатория, флюорография, ультра үн аппараты, эндоскоп, эхо сыяктуу керектүү бардык каражаттар бар. Бул бөлүмдөн окутуучулар жана студенттер жылына бир ирет текшерүүдөн өтүп турушат.

2024-жылда Мугалимдер кунуно карата КР билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин Торагасы М.М. Примкулов ОшМУнун кызматкерлери менен жолугушуу откорду.

2022-жылдын 26-ноябрында жана 2023-жылдын 29-ноябрында ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин чыгыш таануу кафедрасынын доценти Жолдошбек Бөтөнөев, кесиптик бирлик комитетинин торагасы, доцент Саттаров Абсамат, дене тарбия факультетинин улук окутуучусу Усон уулу Жыргалбек Түркия билим берүү кызматкерлеринин профсоюзу жана Евразия билим берүү профсоюздарынын эл аралык уюму тарабынан уюштурулуп жаткан Түрк дүйнөсүнүн педагогикалык жана социалдык (коомдук) илимдер боюнча IV Эл аралык конгрессинде катышып келди.

Профсоюздун иши чындап тузу оор, бирок адамдарга, анан Кудайга да жага турган соопчулуктуу иш десем жаңылышпаймын. Биздин негизги принцибибиз бул – социалдык өнөктөшүбүз болгон ректорат менен биргеликте мүчөлөрүбүздүн социалдык-укуктук маселелерин коргоо менен бирге алардын ортосундагы өзара тилектештикти жана бири-бирине кайрымдуулукту, ынтымак менен биримдикти камсыз кылууга жетишүү болду. Бирөөнүн арыз-арманын угасың, кеңеш бересиң, кошо жүгүрүп коргоп укугун талашасың, маселеси оң жакка чечилсе, акырында рахматын угуп, жасаган ишиңен рахат аласың! Адамга өмүр бир жолу берилген, ал кыска болоору сыяктуу эле кайсы жумушту тандабайлы, аны маңыздуу аткаруу мааниге ээ. Торага болуп шайланып 1,5 жарым жыл пандемия, ар бир кызматкерден арыз алып, кайрадан мучолукко каттоо менен болдук, 5 жылдык эмгегимдин натыйжасы кандай болду, биздин бүгүнкү жасаган отчетубузга эң биринчиден сиздер, урматтуу конференциянын делегаттары баа бересиздер! Сиздер андан ары Ош мамлекеттик университетинин бириккен профсоюз комитетинин келечекттеги иши боюнча тандоо жасайсыздар! Баарыңыздарга ийгиликтерди каалаймын, көңүл коюп кабардар болгонуңуз үчүн рахмат!

